КИТЕП ДҮЙНӨСҮНӨ САЯКАТ

Осмонжан Абдылдаев

# Айды алып бермекмин



**Осмонжан Абдылдаев**

# АЙДЫ
# АЛЫП
# БЕРМЕКМИН



**Сүрөтчү**
**Зарема Мидинова**

Областтык китепкананын
БАЛДАР КИТЕПКАНАСЫ
Инв. № 6/к

УДК 821. 51 - 93
ББК 83. 8
А 13

**Абдылдаев Осмонжан.**
А 13 Айды алып бермекмин / Сүрөт.: Зарема Мидинова. – Б.: Кутаалам, 2016, 24 б., сүр.

ISBN 978 – 9967 – 25 – 130 - 4

Осмонжан Абдылдаев республикабыздын журтчулугуна мезгилдүү басма сөздөргө жарыяланган очерк, публицистика, аңгеме жана ырлары менен белгилүү болуп таанылган авторлордун бири. Ал «Жүрөк сүйүнөт», «Жылдыздар жанат», «Тепкедей жакшы кыз», «Кыргыз пейили» деген ат менен жарык көргөн ырлар жыйнагы жана «Коммунистка», «Ак гүлдөр» деген наамда «Кыргызстан» басмасынан өзүнчө китепче болуп чыккан очерктери менен окурмандарга тааныш. Журналисттер жана жазуучулар Союзунун мүчөсү. Ошондой эле бир нече ырлары Кыргыз улуттук радиосунун алтын фондусуна жазылып алынган обондуу ырлары менен белгилүү. Өз мезгилинде журналисттик кесип боюнча эки жогорку билимге ээ болгон акын.

А 4803300200 – 08
ISBN 978 – 9967 – 25 – 130 – 4

УДК 821. 51 - 93
ББК 83. 8
© Абдылдаев О., 2016.
© ЖЧК «Кутаалам», 2016.

# Күндөн бүткөн энекем

Күндөн бүткөн энекем,
Нурдан бүткөн энекем.
Бала десе балбылдап,
Жанып турган от экен.

Суудан бүткөн энекем,
Гүлдөн бүткөн энекем.
Өмүр улап өмүргө,
Көңүлүмө гүл экен.

Айга, күнгө тең экен,
Тоодой бийик энекем,
Балапандан бапестеп,
Эмгеги мага зор экен.

Океанга тең экен,
Терең экен, кең экен.
Тулку бою чылк алтын,
Түгөнбөгөн берекем.





# Эмненин чоң кулагы?

- Эмненин чоң кулагы,
Ача эмес анын туягы?
Сексендеги чоң эне,
Небереден сурады.

Ойлонуп калып Дамира,
Жүгүртүп акыл оюна,
- Коёндо кулак чоң, - деди,
Кубаныч батпай койнуна.

- Жаңылып калдың сыягы,
Коёндун болбойт туягы.
Билбесең кызым угуп тур,
Эшектин чоң кулагы.

- Эмне үчүн чоң кулагы?
Дамира кайра сурады,
- Ата-эне сөзүн укпаган,
Тежик экен кыялы.
Арбытып чырын күн сайын,
Чоңоюп кеткен кулагы.

# Аппак кар

Аппак кар, күмүш кар,
Жер бетин саймалап.
Түн бою жааса кар,
Басылбайт бурганак.

Ызгаарга тоңбойбуз,
Чилдеде ойнойбуз.

Бубак кар, муздак кар,
Чар-тарап кычырап.
Коньки тээп жаш балдар,
Эрте-кеч чуркурап.

Чанада ойнойбуз,
Оюнга тойбойбуз.

Ойдо кар, тоодо кар,
Элибиз мал багат.
Балпактап жааса кар,
Тез эле ачылат.

Окуйбуз, ойнойбуз,
Суукка тоңбойбуз.





# Космонавт болот Бегимай!

Жыргалыбыз каракыз,
Сүйүү отун алабыз.
Эркелетип чакырып,
Жанар тоо болуп жанабыз.

Күлүп турса Бегимай,
Күкүк, Зейнеп ойнойбуз.
Жашынып калса таптырбай,
Эркине биз койбойбуз.

Бегимай эрке көгүчкөн,
Көңүлдөргө гүл эккен.
Толкунданып ата-эне,
Сүйүп турат жүрөктөн.

Канатын кагып сабалап,
Жылдыздарды аралап.
Космонавт болот Бегимай,
Эрдиктерди кайталап.



# Менин бакчам

Күлкү чачкан, гүл бакчам,
Күлүп турат карасам.
Гүл түбүнө суу куюп,
Күндө аны жашартам.

Менин бакчам, гүл бакчам,
Көңүлүмө гүл таккан.
Ар кыл оюн үйрөтүп,
Булчуң этин чыңалткан.

Бакчабызды сүйөбүз,
Бак аралап жүрөбүз.
Терезелер жапжарык,
Татынакай үйдөбүз.

Менин бакчам гүл үйүм,
Ага арналган бүт сүйүүм,
Эртеңкиге бул жерден,
Тарбия алам мен бүгүн.



# Коёнек

Кичинекей коёнек,
Тентектигин коё элек.
Так секирип тынымсыз,
Акыл-эси толо элек.
Эрке тентек коёнек,
Акыл-эси толо элек.

Оюн десе коёнек,
Эки мурду дерденңдеп,
Кулактарын тикчийтип,
Шашып калат эленңдеп.
Оюнкарак коёнек,
Шашып турат эленңдеп.

Бөжөңдөгөн коёнек,
Балтыр эти толо элек,
Эркеликтен эреркеп,
Ыйлаганын коё элек.
Биздин эрке коёнек,
Тентектигин коё элек.





# Бала

Баланы бактыбыз деп жалынабыз,
Чыр салып чырбыттаса кагылабыз.
Бир азга көрбөй калсак көңүл чөгүп,
Сабыркап, санаа тартып кайгырабыз.

Баланы күкүгүм деп бапестейбиз,
Жашоо жок бир өзүңсүз бизге дейбиз.
Баланын бал тилинен ыракат алып,
Бактыга балкып, тердеп термелебиз.

Баланы канаттууга кактырбайбыз,
Бирөөгө “сени” деп айттырбайбыз
Эркелеп өссүн үчүн наристелер,
Тынчтыкты бардыгыбыз жактырабыз.





# Айды алып бермекмин!

Кичинекей Берметим,
Көңүлүмдү терметтиң.
Космонавт болуп калганда,
Айды алып бермекмин.

Кызыл гүлдөй Берметим,
Тоту куштай келбетиң.
Учкуч болсом, эгер мен,
Жылдызды алып бермекмин.

Ак чардактай Берметим,
Ысык-Көлдөй келбетиң.
Балыкчы болсом ойлонбой,
Көп балык кармап
бермекмин.

Эрке тентек Берметим,
Кыялымды терметтиң.
Аска-зоону аралап,
Кекилик кармап бермекмин.

# Бөбөктөрүм, байкагыла!

Бир кадам алга баспагыла,
Шашпагыла, байкагыла!
Кызыл жарык күйүп турат.
Жашыл жанса аттагыла.
Бөбөктөрүм, байкагыла,
Жашыл жанса аттагыла!

Светофор көңүл бурат,
Шашпа деп айтып турат.
Кагылайын, бөбөктөрүм,
Азыр эле жашыл жанат.
Светофор айтып турат,
Шашпа деп көңүл бурат.

Алаксып сөз айтпагыла,
Алды жакты байкагыла.
Машина келе жатат,
Бөбөктөрүм шашпагыла.
Алаксып күлбөгүлө,
Эрежени үйрөнгүлө.

Машинаны байкагыла,
Чүрпөлөрүм шашпагыла.
Мүшкүлгө кокус кезигип.
Бөөдө азап тартпагыла!
Ар тарапты байкагыла,
Өмүрдү сактагыла!





# Эне тилим

Эне тилим, таттуу тилим,
Ар бир сөзү бал кошкон.
Эне тилим, эркин тилим,
Талантымды ойготкон.

Эне тилим саяпкерим,
Сүйлөгөндү үйрөткөн.
Эне тилим, булак болуп,
Оргуп чыккан жүрөктөн.

Эне тилим өзүң менен,
Узак татаал жол бастым.
Ак кар, көк муз, -
Белестерди мен аштым.

Орус, кытай, чех тилдерин,
Сени менен сүйлөдүм.
Окуп келем китептерин,
Кызыгы көп дүйнөнүн.

Эне тилим, жашоо бактым,
Турмуш жолун көрсөткөн.
Адам бол деп акыл айтып,
Өмүр гүлүн гүлдөткөн.

# Жашыл көйнөк өрдөгүм

Ала чапан өрдөгүм,
Көңүл буруп жүргөнмүн.
Толкундардын үстүндө,
Сүзгөнүңдү көргөнмүн.

Жашыл көйнөк өрдөгүм,
Көлдө жүрүп көргөнмүн.
Көл жээгинде сейилдеп,
Сага көңүл бөлгөнмүн.

Көлдүн көркү өрдөгүм,
Эртели-кеч көргөнмүн
Миң бир түркүн кубулуп,
Көркүн ачтың дүйнөнүн.

Ак кууларга жанашып,
Мөлтүр сууну талашып.
Сайран куруп өрдөгүм,
Көлдөн кетпейт адашып.

Сууга чумуп кайталап,
Көлдүн бетин талкалап.
Куушуп ойноп өрдөгүм,
Толкуп-ташып шаттанат.



# Сары кыз

Эрмегибиз сары кыз,
Жашоо жоктой анысыз.
Колдон колго көтөрүп,
Жалбарабыз баарыбыз.

Медерибиз сары кыз,
Чайга салган балыбыз.
Эркелетип чакырып,
Элжирейбиз баарыбыз.

Жок болсо үйдө сары кыз,
Суз тартабыз баарыбыз.
Кирип-чыгып энекем,
Кабак ачпайт анысыз.



# Улагым

Эрбеңдетип кулагын,
Тентек, эрке улагым.
Так секирсе тарсылдап,
Тек деп аны турамын.

Тим туралбай улагым;
Ойноп турат чунагым.
Кетилип калар бекен деп,
Аяп турам туягын.

Тентектикти койбогон,
Дубалга чыгып ойногон.
Бүрүн терип шыбактын,
Канча жесе тойбогон.

Дал ушундай улагым,
Өткүрө тентек чунагым.
Айткан сөздү уккун деп,
Чоюп коем кулагын.



# Көпөлөктөр

Жашыл, кызыл, ак көпөлөк,
Учат ойноп көкөлөп...
Кармайлы дейт Айнагүлүм,
Жүр, атаке, экөөлөп.
Канатынан байлап алып,
Кетебиз дейт жетелеп.

Көпөлөктөр учуп-конуп,
Гүлгө консо гүл болуп.
Аркы-терки кууп жөнөйт,
Кармайын деп ой коюп.
Бала менен көпөлөктү,
Ата карайт ойлонуп.

Көпөлөктөр бийик учат,
Жакын келбей кишиге.
Айнагүлдөн алыс качат,
Чокту салып ичине.
Шып алдырбай ылдам басат,
Тентек кызым кичине.



# Татынакай жөжөлөрүм

Тийпи, тийпи жөжөлөрүм,
Кечикпестен келгиле.
Таруу берем, акшак берем,
Талашпастан жегиле.



Чыйпылдаган жөжөлөрүм,
Чыйрак болуп жүргүлө.
Бөбөктөрдүн камкордугун,
Шашылбастан көргүлө.

Татынакай жөжөлөрүм,
Эркин ойноп күлгүлө.
Эртели-кеч алпештеген,
Бөбөктөрдү сүйгүлө.

Алды жакты байкагыла,
Өзүңөрдү сактагыла.
Айры куйрук учуп келсе,
*Шашкыла, жашынгыла.*



# Менин кызыл корозум



Менин кызыл корозум,
Билем таңды тосорун.
Уктап калсам ойготуп,
Ишке үлүш кошорун.
Чынчыл, сергек корозум,
Менин анык жан досум.

Кокус кэздe чыр чыкса,
Дайыны жок кыйкырса,
Тооктор басат чатагын.
Кызыл короз айкырса.
Жерди чапчып тепкилеп,
Өз оюн толук жеткирет.

Кызыл короз жакшына,
Тажысы кооз татына.
Дайым элди ойготуп,
Жагып калган калкыма.
Кара күчүк ормоюп,
Турат андан тартына.

Үйдө киши жогунда,
Сакчылык анын мойнунда.
Ит, куштарды жолотпой,
Кыйкырып турат оолуга.
Шаңдуу жүрөт корозум,
Киргили жок оюнда.

## Чегиртке

Жолугат бир топ челекке,
Келатып жолдо чегиртке.
Тымызын барат акырын,
Алардын сырын билмекке.

Караса толгон балы бар,
Кетиптир учуп аарылар,
Ооз тийсе аз гана
Таңдайга тийген даамы бар.

Көрүнбөй келип жашынып,
Кынуусун алат татыгып.
Жегени жагып семирет,
Ак шишик тартып балкытып.

Чердейип бекер тамакка,
Чегиртке көөп алыптыр.
Бөлөнмөк болуп рахатка,
Ортолоп басып барыптыр.
Тарталбай бутун ал кайта,
Балга батып калыптыр.



# Динара



Тоту куштай Динара,
Гүл ичинде төрөлгөн.
Күлүп келип дүйнөгө,
Нур бешикке бөлөнгөн.

Эне-атага Динара,
Бакыт нуру төгүлгөн.
Күлүп жайнап Динара,
Жылдыз болуп көрүнгөн.



Талбай окуп Динара,
Адам болом деп айтат.
Кыялданып Динара,
Жаңы ойлорду жаратат.

Келечекке талпынып,
Өсө бергин Динара.
Мезгил турат шаштырып,
Жакшы окугун садага!







## Чоң апа

Алтын апа, чоң апа,
Айткандарың чын апа.
Жомок айтып бергенде,
Менде болбойт түк капа.

Күмүш апа, гүл апа,
Күлкү чачкан балага.
Акыл экен ар сөзү,
Акак таштай таптаза.

Тоодой бийик чоң апа,
Жетесиң дейт талапка.
Сабагыңды окубай,
Жүрөсүң дейт каякта.

Ширин апа, бал апа,
Уйку татпайт таң атса.
Эркелетсе чүрпөсүн,
Жашара түшөт заматта.

Күндөй тийген чоң апа,
Жакут таштай караса.
Пейли кенен деңиздей,
Күлкүсү мол тамаша.

Теңеймин алтын булакка,
Сүйгөндүктөн чоң апа.
Мага айткан сөздөрүң,
Дайым турат кулакта.
Адептүү болуп эр жетем,
Ишене бер чоң апа.

# Көпөлөк

Ай, көпөлөк, көпөлөк,
Гүлдөргө кон төтөлөп.
Гүл ичинде мен бармын,
Кетчи мени жетелеп.

Ай, көпөлөк, көпөлөк,
Уча бергин көкөлөп.
Гүлдүн сырын билели,
Келчи эмесе экөөлөп.

Ай, көпөлөк, көпөлөк,
Гүлдү неге сүйөсүң.
Гүлдү тандап эрте-кеч,
Эркин ойноп жүрөсүң.

Ай, көпөлөк, көпөлөк,
Койчу тонун чече элек.
Көгүш көйнөк көктөмдү,
Биз келели жетелеп.

Ай, көпөлөк, көпөлөк,
Асмандап уч көкөлөп.
Балалыкты чакырсак,
Келет, ойноп эркелеп.

Ай, көпөлөк, көпөлөк,
Кел, ырдайлы экөөлөп.
Бакчадагы бөбөктөр,
Жетип келсин энтелеп.



# МАЗМУНУ

Күндөн бүткөн энекем....................3
Эмненин чоң кулагы?....................4
Аппак кар....................5
Космонавт болот Бегимай!....................6
Менин бакчам....................7
Коёнек....................8
Бала....................9
Айды алып бермекмин!....................10
Бөбектөрүм, байкагыла!....................11
Эне тилим....................12
Жашыл көйнөк өрдөгүм....................13
Сары кыз....................14
Улагым....................15
Көпөлөктөр....................16
Татынакай жөжөлөрүм....................17
Менин кызыл корозум....................18
Чегиртке....................19
Динара....................20
Чоң апа....................21
Көпөлөк....................22



# Осмонжан Абдылдаев

Осмонжан Абдылдаев ыр жазууга болгон дилгирлиги 5-класста окуп жүргөн учурда эле башталат. Ошол учурда бирин-экин ыры райондук, областтык газеталарга чыгып, андан соң республикалык газеталарда жарык көрөт. Көбүн эсе «Кыргызстан пионери», «Жаш Ленинчи» журналына чыгат.

«Кыргызстан пионери» газетасына «Ала-Тоого» деген темада ыры чыгат. Ал кыргыз Мамлекеттик университетинин журналистика бөлүмүн ийгиликтүү бүтөрү менен «Ленинчил жаш» газетасында иштеп туруп, Алма-Ата шаарында жогорку партиялык мектепти бүтүп келип, «Мугалимдер» газетасында бөлүм башчы, «Советтик Кыргызстан» газетасында кабарчы, андан кийин «Жаш Ленинчи» журналында адабий кызматкер болуп иштейт. Кийин балдар газетасы «Кыргызстан пионери», Чүй областтык «Чүй баяны» газетасында ишин улайт.

Ал бүгүнкү күндө жазуучулар жана журналисттер союзунун мүчөсү.

Осмонжан Абдылдаев кыргыз деңизи – Ысык-Көлдүн теской Ала-Тоосунун этегинен орун алган Жети-Өгүз районундагы Саруу айылында жарык дүйнөгө келген.

Азыркы учурда 4-5 китепти басмага даярдап койгон.



**Осмонжан Абдылдаев**
**Айды алып бермекмин**
Бөбөктөр жана мектеп жашындагы
кенже балдар үчүн

Сүрөтчүсү З. Мидинова
Редактору А. Кабылова
Сүрөт редактору Б. Жайчибеков
Компьютердик калыптоочу А. Анохин
Корректору Г. Сагынбекова

Нускасы 2200
**ЖЧК «Кутаалам»**

# "Китеп дүйнөсүнө саякат"
## Балдар көркөм адабият сериясы

